**«Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы № 9 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна негиздеме-маалымкат**

1. **Максаты жана милдеттери**

Токтом долбоору «Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана «Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 440 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы № 9 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторуна оюн-зоок ишмердигинин түрлөрүн кошуу тууралуу түзөтүүлөрдү киргизүү максатында иштелип чыкты.

1. **Баяндоо бөлүгү**

«Кыргыз Республикасында кумар оюн ишине тыюу салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (2011-жылдын 1-ноябры, №191) ылайык, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 17-февралындагы № 104 токтомунун 5-пункту менен Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторунан оюн-зоок бизнеси чөйрөсүндөгү ишмердиктин бардык түрүн алып салуу боюнча тийиштүү түзөтүүлөр киргизилди.

Ошентип, казинолор үчүн атайын столдорду чыгаруу, оюн автоматтарын оңдоо, оюн залдарын жана автоматтарын пайдалануу, кумар оюндарын уюштуруу жаңа башкалар сыяктуу ишмердиктин түрлөрү алынып салынган.

«Кыргыз Республикасындагы оюн-зоок иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 440 токтомунун 6-пунктуна ылайык, мурун алынып салынган оюн-зоок ишмердигинин түрлөрүн, анын ичинде казинолордун, букмекердик кеңселердин, тотализаторлордун, онлайн жана электрондук (виртуалдык) казинолордун ишмердигин Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторуна киргизүү сунушталууда.

Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификатору экономикалык иштердин түрлөрүнүн статистикалык жана экономикалык классификациясынын эл аралык

интеграцияланган тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат жана төмөнкүлөргө ылайык келет:

- Экономикалык иштердин бардык түрүнүн эл аралык стандарттык тармактык классификациясы (ЭСТК) ;

– Европа Бирлигинде колдонулуучу экономикалык иштердин түрлөрүнүн классификациясынын стандарты (NACE 2-ред.);

–Кыргыз Республикасында статистикалык эсептин 5-сандын деңгээлиндеги өзгөчөлүктөрүн чагылдырган КМШнын Статистика комитетинин экономикалык иштеринин түрлөрүнүн моделдүү статистикалык классификатору;

– Экономикалык иштердин түрлөрүнүн мамлекеттик классификатору министрликтер, администрациялык ведомстволор, башка мамлекеттик органдар жана чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан экономикалык иштердин түрлөрүн жана алар жөнүндөгү маалыматтарды классификациялоо жана коддоштуруу үчүн колдонууга арналган.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун ушул долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык жана башка кесепеттерди алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык ушул токтомдун долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин сайтына жана Бирдиктүү коомдук талкуулоо порталына жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бул токтомунун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо тууралуу маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ал ишкердик ишин жөнгө салууга багытталган эмес.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын «Экономикалык иштердин түрлөрү» мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 11-январындагы № 9 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз

Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору кароого жана макулдашууга киргизилет.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы** **Б.Ж. Кудайбергенов**